*Көкөева А.М.*

# УЮШКАН КЫЛМЫШТУУ ТОП ТАРАБЫНАН ЖАСАЛГАН ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЛМЫШТАРДЫ ИЗИЛДӨӨНҮН ТАКТИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

*Кокоева А.М.*

# ТАКТИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ РАССЛЕДОВАНИЯ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ПРЕСТУПЛЕНИЙ СОВЕРШЕННЫХ ОРГАНИЗОВАННОЙ ПРЕСТУПНОЙ ГРУППОЙ

*A.M. Kokoeva*

# TACTICAL ASPECTS OF THE INVESTIGATION OF ECONOMIC CRIMES COMMITTED BY AN ORGANIZED CRIMINAL GROUP

*УДК:343.985.7*

*Көрсөтүлгөн макалада уюшкан кылмыштуу топ тарабынан жасалган экономикалык ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү кылмыштарды изилдөөнүн тактикалык аспектилери чагылдырылган. Кылмышты изилдөөдө баштапкы этапка көңүл бурулган, изилдөөнүн тактикалык тапшырмасын конкреттеген, тактикалык чечимдерге басымдуулук кылган, топтук иши боюнча тергөө иштеринин көлөмүнө шарт койгон, экономикалык кылмыш менен күрөшүү боюнча типтүү мамлекеттик кызматтагы кызматкерлердин жана тергөөчүлөрдүн иштөө багытын аныктаган тергөө жагдайлары каралган. Жалпысынан уюшкан кылмыштуу топ тарабынан жасалган кылмыштардын фактыларын аныктоо үчүн, тергөөчү ар кандай маалымат булактарын анализдөө жана салыштыруу менен бирге, уюшкан кылмыштуу топ тарабынан жасалган кылмыштардын криминалистикалык белгилерине, жасоо ыкмаларына маани берип, баардык мүмкүн болгон маалымат булактарын колдонуп, тергөөчү уюшкан кылмыштуу топ тарабынан жасалган кылмыш деп толук негиздүү жыйынтыкка ээ болушу керек.*

***Негизги сөздөр:** кылмыштарды тергөө, экономикалык кылмыш, уюшкан кылмыштуулук, кылмыштуу топтор, кылмыштуу шериктик, каржылык кылмыш, тергөө тактикасы, кылмыштын профилактикасы, кылмыштарды иликтөө.*

*В данной статье освещаются тактические аспекты расследования преступлений в сфере экономической деятельности, совершенных организованной преступной группой. Уделяется внимание первоначальному этапу расследования преступлений, рассматриваются типичные следственные ситуации, определяющие направление работы следователя и оперативных работников государственной службы по борьбе с экономическими преступлениями, конкретизирующие тактические задачи расследования, диктующие тактические решения, обуславливающие объем следственной работы по групповому делу. Отмечается, что для установления факта совершения преступления организованной преступной группой, следователь должен использовать все возможные источники получения информации об этом, анализируя и сопоставляя информацию из разных источников; обращая внимание на криминалистические признаки совершения преступления группой, способы совершения, следователь в состоянии сделать вполне обоснованный вывод о совершении преступления организованной преступной группой.*

***Ключевые слова:** расследование преступлений, экономическая преступность, профилактика преступлений, организованная преступность, преступные группы, преступное сообщество, предупреждение преступлений, финансовые преступления, тактика расследования.*

*This article covers the tactical aspects of the investigation of crimes in the sphere of economic activity committed by an organized criminal group. Attention is paid to the initial stage of investigation of crimes; typical investigative situations are considered that determine the direction of work of the investigator and operational employees of the state service in combating economic crimes, specifying the tactical tasks of the investigation, dictating tactical decisions that cause the volume of investigative work in a group case. It is noted that to establish the fact of a crime by an organized criminal group, the investigator should use all possible sources of obtaining information about it, analyzing and comparing information from different sources; paying attention to the criminalistic signs of a crime being committed by a group, the methods of committing, the investigator is able to make a well-founded conclusion about the commission of a crime by an organized criminal group.*

***Key words:** investigation of crimes, economic crime, crime prevention, organized crime, criminal groups, criminal community, crime prevention, financial crime, investigation tactics.*

Уюшкан кылмыштуу топ (УКТ) тарабынан жасалган экономикалык кылмыштарды изилдөө жана иштин бетин ачуу, топ тарабынан жасала турган фактыларды аныктоо менен башталат. Укук таануучу А.П. Онучкин, топ тарабынан жасалган кылмыштар боюнча алынган маалыматтардын артыкчылыгы болгонун көрсөтүүдө [10, 9-б.]. Чындыгында, уюшулган кылмыш топ тарабынан жасалган кылмыш канчалык эрте билинсе, ошончолук ал тез ачылат, ал эми кыл-

мышты жасаган адамдар кылмыш жаза жоопкерчилигине тартылмак. Тергөөчү, уюшкан кылмыш топ тарабынан жасалган кылмыш тууралуу биринчи маалыматты эреже катары, тергөө амалдарынын баштапкы өндүрүшүндө алат, кылмыш ишин изилдөөдө максатка ылайыктуу баштоо үчүн белгилүү категориядагы жана жалпы түрдөгү болгон кылмыштарды текшерүү максатында өткөрүлөт, ошол убакыттагы кылмыш ишин козгоодо, изилдөөгө тийиш болгон фактыларды аныктоодо тергөөчү тарабынан көтөрүлгөн маалыматтарга ылайык кечиктирилбестен чогултулган жана бекемделген далилдер жок болуп кетиши мүмкүн, «ысык из» боюнча кылмыш жасоодо шектүү адамды издөөдө жана кармоодо, кылмыш менен зыян келтирилген материалдык зыянды кайтарууну камсыз кылуу бекитилген, ошондой эле кылмышты изилдөөдө керек болгон себептерди жана шарттарды табуу [9, 125-б.].

Уюшкан кылмыштуу топ тарабынан жасалган кылмыштар боюнча маалыматтар, ошол эле учурда криминалистикалык, экспертизаларды өткөзүп жаткан тергөөчү тарабынан алынышы мүмкүн. Мисал катары, соттук-кол жазма экспертизалардын жыйынтыгында жасалма документтер бирканча адамдар тарабынан аткарылышы мүмкүн деп аныкталат. Көбүнчө мындай кылмыштар жасалма документерди колдонууда кезигет.

Уюшкан кылмыштуу топ тарабынан жасалган кылмыштарды аныктоодо чоң ролду алгач тергөө органдары тарабанан ыкчам-иликтөө чараларын өткөрүү убагында кабыл алынган ыкчам маалыматтар ойнойт. Бул маалымат бир гана кылмыш жасаган адамдарды гана эмес ал кылмышка тиешеси барларды да камтышы мүмкүн. Бул жерде эки жагдай болушу мүмкүн. Биринчисинде УКТ тарабынан жасалган кылмыштар кылмыш иши козголо электе белгилүү болушу мүмкүн, ал эми экинчисинде кылмыш иши козголгондон кийин кылмыш ишин ачуу чараларынын ишке ашыруунун жыйынтыгында. Көрсөтүлгөн жагдайлар УКТ тарабынан жасалган кылмышты изилдөөдө ыкчам маалыматтарды колдонуунун өзгөчөлүктөрү менен байланышкан.

Жалпысынан уюшкан кылмыштуу топ тарабынан жасалган кылмыштардын фактыларын аныктоо үчүн, тергөөчү ар кандай маалымат булактарын анализдөө жана салыштыруу менен бирге, УКТ тарабынан жасалган кылмыштардын криминалистикалык белгилерине, жасоо ыкмаларына маани берип, баардык мүмкүн болгон маалымат булактарын колдонуп, тергөөчү УКТ тарабынан жасалган кылмыш деп толук негиздүү жыйынтыкка ээ болушу керек. УКТ тарабынан жасалган кылмыштар боюнча өз убагында көрсөтүлгөн версиялар максаттуу түрдө кылмышкерлерди изилдөөдө, топтун белгилерин, шектүү адамдардын айланасын азайтуу менен биргеликте топтук кылмыштардын бетин ачууда тездетүүгө жана оңойлотууга мүмкүнчүлүк берет.

Баштапкы этаптарда УКТ тарабынан жасалган кылмыштарды изилдөөдө алардын түрүнө карабастан бир канча тергөө жагдайларына токтолууга мүмкүн: тергөөчүнүн иштөө багытын аныктоочу жана каржы полициясынын ыкчам кызматкерлеринин ошол учурдагы изилдөөдө конкреттүү тактикалык маселелери, топтуу кылмыш иши боюнча тергөө ишинин көлөмүн шарттаган тактикалык чечимдерге басымдуулук кылуу.

Криминалистикада тергөө жагдайларынын түшүнүгү азыркы убакытта дискуссия боюнча калууда. Криминалистикалык адабиятта тергөө жагдайларынын түшүнүгү тууралуу айтылган сөздөрдү эки топко бөлсөк болот: авторлордун баары тергөөчүнүн [6, 82-б.] ишмердүүлүгүн баалагандай ачык эле түшүнүгүнө субъективдүү учурларын кошуп кеңейтүүдө, тергөөчүнүн жеке маалыматтары жөнүндө [5, 81-б.], тергөө жагдайын маалымат түзүмү катары кароо [8, 9-10-бб.], калгандары жалпысынан өздөрүнүн аныктамаларында тергөө жагдайынын объективдүү мүнөзүн туура көрсөтүшкөн [7, 90-б.], бирок алардын аныктамасы криминалистикалык адабиятта көрсөтүлгөндөй толук эместиги үчүн жапа чегүүдө [1, 67-68-бб.], үчүнчү чындыкка жакын болгон бул биздин көз карашыбызча, алардын баары тергөө жагдайларынын кырдаал, шарттар, факторлордун жыйындысынын, анык кылмышты изилдөөдөгү өзгөчөлүктөрдү ачкан, белгилүү учурдагы кылмышты изилдөөдө туш келген чыныгы абалдын өзгөчөлүгүнөн келип чыгууда [11, 157-б.].

Васильев А.Н. жана Яблоков Н.П. тергөө жагдайынын чыныгы абалы катары, изилдөөдө анык учурга туш келген же башталаардан мурда, азыркы учурдагы баардык тергөөнүн башкалардан бөлөкчөлүгүн жана далилдөөчү, ыкчам-иликтөөчү, процессуалдык-тактикалык, методикалык, уюштуруучу-техникалык жыйындыларын аныктаган жана башка маанилүү маалыматтарды изилдөөсү үчүн мүнөздөлүүсүн аныкташат [4, 138-б.]. Бизге Р.С. Белкин сунуштаган түшүнүк жакыныраак: «Тергөө жагдайы-бул далилдөө процессиндеги шарттардын жыйындысы» [2, 91-91-бб.].

Тергөө жагдайы, экономикалык кылмыштарды изилдөөдө, УКТ тарабынан жасалган баштапкы этаптардагы, максаттуу түрдө бул негизде классификациалоо УКТ жана башка адамдар тарабынан же аларга тийиш болгон кылмыштардын жасалганы тууралуу фактылар жөнүндө маалыматтардын бар болуусу катары келип чыгат.

Биз тараптан экономикалык ишмердүүлүк чөйрөсүндө кылмыштар жөнүндө кылмыш иши боюнча, УКТ тарабынан жасалган кылмыштар тууралуу жүргүзүлгөн маалыматтарыбыз боюнча төмөнкү тергөө жагдайларын белгилей кетсек болот:

- УКТ көрсөткөн кырдаал жана механизм, бир да кылмышкер кармалган эмес (мисалы, комьютер менен акча урдоо, сырье булактарындагы ири партиядагы контрабанда);

- кылмыш жасагандыгы тууралуу бир эле адам кармалган, калган катышуучулар изин суутканды үргүлүшкөн жана аты жөнү такталган эмес;

- УКТнын бир же бир канча катышуучулары кармалган жана аты жөнү такталган;

- Кылмыш жасагандардын баары кармалган, кылмыш жасоодогу ролдору да аныкталган;

- Адамдардын кылмышка тиешеси бар болгондугу аныкталган, бирок кылмыш жасоодогу ролдору билинген эмес.

Биз тарабыбыздан кылмыштар жөнүндө кылмыш иши боюнча, УКТ тарабынан жасалган кылмыштар тууралуу жүргүзүлгөн үйрөнүүлөр, баардык кылмышка тиешеси барлардын кылмыш иши козголоор учурунда 6% иши, тергөөнүн башкы 3 күнүндө 22% иши, тергөөнүн 10-күнүндө 47% иши, белгилүү болгон. Тергөөнүн акырында 81% иши кылмышка тиешеси барлардын аты жөнү аныкталган, ал эми 19% иши, аныкталбаган катышуучулар өзүнчө өндүрүшкө белгиленген. 15% иши боюнча аныкталбаган кылмышка тиешеси барлар үчүн кылмыш иши токтотулган.

Тергөө жагдайы боюнча УКТ тарабынан жасалган экономикалык кылмыштардын негизги багытын карап көрсөк.

Биринчи тергөө жагдайы, топтуу кылмыш мүнөздөгү кылмыштын белгилери бар бирок адамдардын аты жөнү белгисиз болсо, тергөөчүгө жана ыкчам иликтөө кызматкерлерине кыйыныраак болот. Алар үчүн төмөнкү белгилер мүнөздү:

- Кылмыш жасалуучу объект тууралуу жогорку денгээлдеги маалыматка ээ болуу керек;

- Кылмыш жасалуусу тууралуу издердин бар болуусу;

- Кылмыш жасалуусу тууралуу бир канча адам тарабынан жасалган издердин, ар кандай издердин, ар кандай адамга жана предметтерге тийиш болгон издердин бар болуусу;

Бул жагдай маалыматтык аныкталбастык деп мүнөздөлөт. Мындай абалда УКТ тарабынан жасалган кылмыштарды ачуу жана издөөдө, тергөөчү жана алгач тергөө органдары биринчи кезекте, ар кандай түрдөгү кылмыштарды конкреттүү методикалык изилдөө сунуштамаларын колдонуусу зарыл (урдоо, уурулук, тоноо, каракчылык ж.б.).

УКТ тарабынан жасалган кылмыштардын кээ бир түрлөрү боюнча, виктимологиялык анализдердин колдонулушу мүмкүн, тергөөчүнүн пландуу жана максаттуу түрдөгү ишмердүүлүгүн түшүнөбүз, чогултуу, изилдөө жана жабырлануучунун жеке аты жөнүн баалоодо, алардын байланышы, кыймыл аракетинин өзгөчөлүгү, кылмышкерлер менен мамилеси, кылмышты жасоодогу ролдору колдонуу максаттагы кабыл алынган жыйынтыгын эффективдүү тактикалык ыкмаларды аныктоо үчүн тергөө жана изилдөө иш аракеттеринин жабырлануучунун катышуусу менен же ансыз өткөрүлгөн, ошондой эле изилдөөнүн башка иштерин аткарууда, мыйзамдуу жана кылмыш ишин негиздүү чечүүнү камсыз кылат [3, 24-32-бб.].

УКТ тарабынан жасалган кылмыштардын фактыларын аныктоо, ийгиликтүү кылмыштын бетин ачууда жана изилдөөдө тергөөчүгө жана алгач тергөө органдарына кошумча мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Иштин биринчи этабында алгач тергөө органдары жалпысынан алганда УКТ мүнөздүү маалыматтарды болушунча көп чогултушу керек, ошондой эле алардын курамына кирген өзүнчө адамдарды да. Кылдаттык менен толук суракка тартуу, буюм далилдерин табуу боюнча активдүү иштөө, ыкчам-иликтөө иш чараларын кабыл алуу, кылмыштык түзүмдү түзгөн адамдар жөнүндө толук маалыматтарды чогултууну камсыз кылат.

Андан кийин экономика чөйрөсүндөгү бир түрдөгү кылмыш жасоо ыкмасы жана кылмыштуулук ишмердүүлүгүнүн мүнөздөрү боюнча баардык кылмыш ишинин материалдары аныкталышы жана үйрөнүлүшү зарыл. Бул ыкма эреже катары, келип түшкөн маалыматтардын санынын тез жогорулашына мүмкүнчүлүк берет.

УКТ тарабынан жасалган кылмыштардын фактыларын аныктоо, топтун белгилери боюнча кылмыштын бетин ачууда, кылмышкерлерди изилдөө катары мындай атайын тактикалык ыкмаларды колдонууга болот. Негизинен, жалгыз кылмышкерди аныктоого караганда, топтуу кылмышкерлерди аныктоо оңоюраак. Бул топтун иш аракети менен байланышкан, ал боюнча көп маалыматтар бар экендиги объективдүү түрдө ачык айкын. Кылмышкерлерди топтук белгиси менен изилдөө, толук колдонууга негизделген сандык жана сапаттык мүнөздөгү топтордун, бардык версияларын көрсөтүүгө жана кайра иштеп чыгууга мүмкүнчүлүгү менен байланышкан, алардын түзүмдөрүнүн өзгөчөлүгүнө карата, УКТны аныктоодо, комплекстик тергөөчүлүктү, уюшулган жана ыкчам иликтөө кыймыл аракеттерин өзүнө камтыйт. Башкача айтканда, максаттуу түрдө топтун белгиси болгон кылмышкерлерди изилдөөдө, алардын калыптанышынын өзгөчөлүгү жөнүндө жеке версиялардын, топту кылмыш жасагандыгы тууралуу версиялардын детализацияларын талап кылат.

Шартка жараша экономикалык ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү топтуу кылмыштар биздин көз карашыбыз боюнча, төмөнкү типтүү версияларды көрсөтүшү мүмкүн. УКТ булардын негизинде түзүлүшү мүмкүн:

- Жалпы иштөө жерлери (банк, коммерциялык уюм);

- Жалпы кызыкчылык же иш (компьютер ойногондор, экономисттер ж.б.);
- Жердештер (бир жерден, улуттан чыккандар, аскерде бирге кызмат кылгандар ж.б.);
- Мурдагы кылмыш байланыштары (мурда кылмышты чогуу жасашкан, түзөтүү иштөө мекемесинде бирге болуусу, кылмыштык контактта болуусу);
- Бирге убакыт өткөрүүсү;
- Алардын мүчөлөрү менен бир райондо жайгашуусу;
- Туугандык байланыш (көбүнчө топтук кылмышты жакындары же алыскы туугандары түзөт).

Көрүнүшкө караганда, УКТ тарабынан жасалган кылмыштар боюнча ар кайсыл кылмыштарды изилдөөдө, аталган версияларды көрсөтүүгө туура эместиги көрүнүүдө, бул нерсе жасалган кылмыштардын жагдайы жана кылмыш ишинин материалдары менен ар дайым тергөөчү жана алгач тергөө органдарынын ыкчам кызматкерлери тарабынан чечилүүсү зарыл. Бирок УКТнын түзүмүнүн өзгөчөлүгүнө карата негизделген версияларды көрсөтүү, аларды текшерүүгө анык чараларды белгилөөгө уруксат берет, кылмышкерлерди, шектүүлөрдү аныктоодо жеңилдик болот, алардын арасында кылмышкерлерди издөөдө, аныктоого жана адамдардын айланасындагыларды азайтууга жардам берет. Изилдөө процессинде кээ бир версиялар катардан чыгып калат, алардын ордуна башкаларын көрсөтүү жана аларды текшерүүнү жүзөгө ашыруу керек.

УКТ тарабынан жасалган кылмыштар боюнча кылмыштардын бетин ачууда, белгилүү ролду божомолдук версиялар ойношу мүмкүн, жекече, изделип жаткан топ тарабынан жасалганга караганда бир түрдү кылмыштар, акча каражаттарын легализациялоо мүмкүнчүлүк жерлери, сактоо, уурдалган продукциянын сатылышы, жасалма акчалар, баалуу кагаздар, акциздик маркалар ж.б., топтук кылмыштуулуктун катышуучуларын табуу, алардын кийинки ишмердүүлүгү, убакытты бирге өткөрүүсү ж.б.

Экинчи тергөө жагдайы, УКТнын бир катышуучусу кармалганда, ал эми калгандары аныкталбаган учурда.

УКТнын белгилери болуп:
- Кармалгандардын заманбап байланыш каражаттарынын бар болуусу, көп эсепте акча каражаттарынын бар болуусу ж.б.;
- Укук коргоо же көзөмөлдөө органдарында турган документтер, формалар, автотранспорттор жана башка атрибутикалар кармалгандар тарабынан колдонулса;
- Алардын өтө эле чакырыктуу жана баалоочу кыймыл аракеттери;
- Анык фактыларга карабастан кылмышка катышкандыгын моюнга албоосу;
- Тез түрдө бир эле шектүүдө экиден ашык даярдалган адвокаттардын бар болуусу;
- Тергөөнү дискредитациялоо жана аны коркутууга аракет кылуу;
- Коррупцияланган же башка байланыштарды колдонуу;
- Кармалгандарды коргоо үчүн массалык маалымат каражаттарын тез арада ортого салуу;
- Изилдөөгө катышкан адамдарга басым жасоо, ошондой эле алардын үй бүлөсүнө да;
- Жабырлануучуга жана күбөлөргө басым жасоо.

Каралып жаткан тергөө жагдайында, тергөөчүнүн жана алгачкы тергөө органдарынын ыкчам кызматкерлеринин багыты кармалгандардын байланышын үйрөнүү болушу керек. Так айтканда кармалган катышуучунун арасында УКТнын мүчөлөрү табылууда. УКТнын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү боюнча аларды аныктоо үчүн жогоруда көрсөтүлгөн жеке версияларды колдонуу мүмкүн, алардын негизделген көрсөтмөлөрү жана кайрадан иштеп чыгуулары катышуучуларды табууда иликтөө иштерин айкын кылат жана тез табууга мүмкүнчүлүк берет. Андыктан бул версиялар тергөөгө белгилүү болгон катышуучулардын социалдык байланышынын белгилери боюнча түзүлөт, аларды ийгиликтүү колдонуу жана текшерүү кармалгандын өздүгүн жана анын байланышын үйрөнүү менен тыгыз байланышкан.

Алгач тергөөдө кылмышердин өздүгүн үйрөнүү жетишинче криминалистикалык адабиятта толук каралган. Анда баардык бар болгон сунуштамаларды УКТнын иши боюнча шектүүнүн өздүгүн үйрөнүү үчүн колдонсо болот, бирок жашыруун калып калбоосу үчүн, анын социалдык байланышын издеп табуу шарты менен.

УКТ мурдагы кылмыштуулук байланыш белгилери боюнча түзүлгөн учурда катышуучуларды аныктоо үчүн архивдеги кылмыш иши боюнча делолорду жана материалдарды колдонуусу мүмкүн. Кылдаттык менен архивдеги кылмыш ишин үйрөнүү, ыкчам материалдарды жана кылмыш ишин козгоону токтоткон токтом менен чыккан материалдар, ошондой эле түзөтүү эмгек мекемелеринин архивдик материалдары шектүү болгон катышуучуларды жана башка адамдардын байланышын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Кылмыштын аныкталбаган катышуучуларын табуу үчүн алгач тергөө каржы полициясынын кызматкерлери өтө чоң мүмкүнчүлүккө ээ. Алгач тергөө органына катышуучуларды табуу боюнча ыкчам иликтөө иш чараларын кабыл алуу жөнүндө тапшырма берип жатып, тергөөчү алар жөнүндө билген баардык нерсени көрсөтүүсү зарыл – аты жөнү, кесиби, жашаган жери, эмне менен алектенет ж.б. Мындай маалымат максаттуу түрдөгү издөөнү камсыз кылат.

УКТ тарабынан жасалган иштер боюнча үчүнчү типтүү тергөө жагдайы, катышуучулардын бир канчасы кармалган бирок кээ бирлери жашырынып калганы менен байланышкан. А бирок аты жөнү аныкталган. Жашырынып калганын билген шектүүлөр топтуу кылмышта көбүнчө өздөрүнүн көрсөтмөлөрүндө кармалбаган шектүүлөрдү күнөлүү кылышат, ал эми кээде өздөрүн кылмышка тиешеси жок экенин билдиришет (мисалы, жасалма акча тууралуу, сапатсыз спирттин өндүрүшү жөнүндө маалыматы бар болуусу ж.б.).

Эгерде УКТнын кармалган катышуучуларынын айткан сөзүнө караганда, изилдөө убагында адамдарды издеп жана кармаса, иш боюнча чыныгы байланышты аныктоодогу кыйынчылыктар, ийгиликтүү бүтүүдө. Катышуучулардын бири-бири менен сүйлөшүлөрүнө дуушар болгон тергөөчү жана сот, топтуу кылмыштагы ар бир катышуучунун чыныгы ролун аныктоо үчүн керектүү иш чараларды алуусу керек.

Төртүнчү типтүү тергөө жагдайы, УКТнын баардык катышуучулары изилдөөнүн биринчи эле этабында билинген жана кармалган, изилдөө үчүн абдан жагымдуу. Бирок бул жерде тергөөчүнүн алдында кыйын маселелер турат, конкреттештирүү жана аныктоо менен байланышкан ар бир катышуучунун чыныгы ролу, топтуу кылмыштын уюштуручусун табуу, далилдерди чогултуу, кылмыштардын УКТ тарабынан жасалгандыгы тууралуу объективдүү ырастамалар.

Мында ар бир уюшкан кылмыштуу топ кылмышка кошо катышуучу үчүн кылмыштын субъективдик тарабын тактоо жана изилдөө маанилүү. Ал учурда, практикада тергөөчүлөр уюшкан кылмыштуу топ тарабынан жасалган кылмыштын субъективдик жагын изилдөөнүн маанисин жетишинче баалашпайт.

Акырында, тергөөчүгө кылмыш кылууга тиешеси бар болгон жактар белгилүү болуп, бирок аны жүзөгө ашырууда алардын ичинен ким конкреттүү кандай даражада катышкандыгы анык болбогон учурдагы уюшкан кылмыштуу топ жасаган иштер боюнча бешинчи типтүү тергөө абалы башкалардан өзгөчө болуп эсептелет (насыяны мыйзамсыз алуу, коммерциялык же банктык сырды ачуу, контрабанда ж.б.).

Мындай абал негизинен тигил же бул ишканада (насыяны мыйзамсыз алуу, коммерциялык же банктык сырды ачуу контрабанда ж.б.) иштешкен жактар белгилүү болгон учурдагы экономика чөйрөсүндөгү кылмыш иштери үчүн мүнөздүү. Тергөөчү жана иликтөө органынын ыкчам кызматкерлери мындай окуяларда уюшкан кылмыштуу топтун катышуучуларын, уюштуруучусун, ар бир кылмышка кошо катышуучунун ж.б. конкреттүү иш аракеттерин аныктоого милдеттүү. Ушул суроолорду тактап жатып , тергөөчү иш боюнча жоопко тартылган ар бир жак үчүн күнөөнү конкреттештирүү үчүн зарыл болгон жагдайларды жана айыптоонун көлөмүн аныктайт.

Ошентип каралып чыккан тергөө окуялары уюшкан кылмыштуу топ жасаган экономикалык кылмыштардын бетин ачууда жана тергөөдө тергөөчүнүн ишмердүүлүгүнүн багытын аныктайт. Уюшкан кылмыштуу топ жасаган кылмыштардын бетин толук ачууда, анын кылмышка кошо катышуучуларын аныктоодо, кылмышта ар биринин ролун конкреттештирүүдө шектүүнү суракка алуу чоң ролду ойнойт.

**Адабияттар:**


1. Белкин Р.С. Криминалистические средства, приемы и рекомендации. - Том III. - М., 1979. - С. 67-68.
2. Белкин Р.С. Криминалистика: проблемы, тенденции, перспективы. От теории - к практике. - М.: Юридическая литература. - 1988. - С. 91-92.
3. Быков Б.М. О возможностях использования виктимологического анализа при исследовании преступления. // Вопросы криминалистической тактики. - Т.: Таш. Высшая школа МВД СССР. - 1978. - С. 24-32.
4. Васильев А.Н., Яблоков Н.П. Предмет, система и теоретические основы криминалистики. - М.: Изд-во МГУ. 1984. - С. 138.
5. Возгрин И.А. О соотношении следственных ситуаций и алгоритмов расследования преступлений. - Л., 1977. - С. 81.
6. Герасимов И.Ф. Принципы построения методики расследования преступлений. // Вопросы криминалистической методологии, тактики и методики расследования. - М., 1973. - С. 82.
7. Гавло В.К. О следственной ситуации и методике расследования хищений, совершаемых с участием дожностных лиц // Вопросы методологии, тактики и методики расследования. - М., 1973. - С. 90.
8. Драпкин Л.Я. Основы криминалистической теории следственных ситуаций. Автореф. докт. дис. юрид. наук. - М., 1987. - С. 9-10.
9. Евстигнеев Е.А. Групповые хищения государственного и общественного имущества с участием должностных лиц. // Актуальные проблемы борьбы с экономической преступностью. - М., 1992. - С. 125.
10. Онучкин А.П. Выявление признаков совершения преступлений группой и особенности расследования таких преступлений. Автореф. канд. дисс. - Свердловск, 1970. - С. 9.
11. Шиканов В.И. Разработка теории тактических операций – важнейшее условие совершенствования методики расследования преступлений. // Методика расследования преступлений. - М., 1976. - С. 157.


**Рецензент: д.ю.н. Адамбекова А.Д.**